КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ

КАРА-БАЛТА ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ

КАРА-БАЛТИНСКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

КАРА-БАЛТА ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

«30» сентябрь 2026-ж. № 31 Кара-Балта ш.

«Кара-Балта шаарынын № 11 орто мектебине Мукай Элебаевдин ысымын ыйгаруу жөнүндө»

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 27, 36, 39-беренелеринин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы №149 токтомунун 1 жана 3-тиркемелерине ылайык, ошондой эле 2026-жылдын 23-май айындагы №3 ата-энелер комитетинин жалпы жыйынынын жана 2026-жылдын 22-апрель айындагы №5 педагогикалык кеңешинин «Кара-Балта шаарындагы №6 орто мектепке Мукай Элебаевдин ысымын ыйгаруу жөнүндө» протоколдорун эске алуу менен, Кара-Балта шаардык кеңешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кара-Балта шаарынын № 11 орто мектебине Мукай Элебаевдин ысымы ыйгарылсын.
2. Кара-Балта шаарынын мэриясы ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.
3. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Регламент, депутаттык этика жана укуктук маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссияга, ошондой эле Кара-Балта шаарынын мэриясына жүктөлсүн.

Жөнөтүлсүн: иш кагаздарына, Кара-Балта шаарынын мэриясына, райондук билим берүү бөлүмүнө, № 11 орто мектебине, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине.

Кеңештин төрагасы **М. Дуйшеналиев**